| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЧОН-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезектүү 8-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 14-июлу № 99 Манас айылы

**Кара-Суу айылына "МЕГА" компаниясынын байланыш антеннасын орнотуу жөнүндө**

Чоң-Алыш айыл аймагынын Кара-Суу айылынын интернет жана мобилдик байланыштын сапатын жакшыртуу үчүн ЖАК "Альфа Телеком" компаниясынын кайрылуусункарап чыгып , Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айыл аймактык Кеңешинин IX -чакырылышынын кезектүү 8-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагынын Кара-Суу айылындагы Кабылов Турарбек көчөсүнүн №2 чөйрө сызыгындагы муниципалдык менчигиндеги 0,20 га (6-04-12-1001-0102) жер тилкесиндеги мечиттин түндүк – батыш тарабынан 16 чарчы метр жер тилкесине "МЕГА" компаниясынын байланыш антеннасын орнотууга уруксат берилсин.

2. Курулуш жумуштары архитектура жана курулуш башкармасынан алынган юридикалык иш кагаздарынын жана бекитилген курулуш куруу документеринин негизинде курулуштук нормаларды жана эрежелерди эске алуу менен жүргүзүлсүн.

3. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Касымовко жүктөлсүн.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** **Т.Бейшеналиев**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЧОН-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезектүү 8-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 14-июлу № 100 Манас айылы

**Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын жарым жылына карата отчету жөнүндө**

Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын жарым жылы боюнча отчетун угуп талкуулап, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айыл аймактык Кеңешинин IX – чакырылышынын кезектүү 8-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл өкмөтүнүн 2025-жылдагы алты айлык жергиликтүү бюджетинин аткарылышы канааттандыраарлык деп табылсын.
2. Айыл өкмөтүнүн эркин каражатынан
   - Борош Жанузаков орто мектебинин көмүрүнө 198000
   - Эшалиева балдар бакчасын УКСка 206 000
   - Айыл өкмөтүнүн имаратынын чатырын котоорууга 500 000
   - ЦБУ бугалтердик программасына 160 000
   - Айыл аймактагы мекеме-уюмдарга өрт калкандарын толуктоого 206000
   - Ар кандай чыгымдарга 750 000
   - Сметчиктин эмгек акысы үчүн 80 000
   - Ж. Огонбаев атындагы маданият үйүнүн жарыктандыруусуна 50 000
   - Сабира апа бала бакчасына кошумча группа ачууга 250 000
   - Кара Суу айылынын күн батыш тарабында жайгашкан көрүстөндүн айланасын курчоого 100 000.

   Жалпы 2 500 000 сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

3. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Касымовко жүктөлсүн.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Чоң-Алыш айыл аймагынын айылдык кеңешинин алдындагы бюджет боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Т.Бейшеналиев**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЧОН-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезектүү 8-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 14-июлу № 101 Манас айылы

**Д. Молдоярова бала бакчасынын керебеттерин жерге жатуучу матрастарга алмаштыруу жөнүндө**

Чоң-Алыш айыл аймагынын Манас айылында жайгашкан Д. Молдоярова бала бакчасынын тайпалардагы эки кабаттуу керебеттерди чыгарып, балдардын ден соолугу жана коопсуздугу үчүн жерге жатуучу матрастарга алмаштыруу боюнча сунуштарын карап талкуулап чыгып, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айыл аймактык Кеңешинин IX - чакырылышынын кезектүү 8-сессиясы **токтом кылат:**

1. Д. Молдоярова бала бакчасынын тайпалардагы эки кабаттуу 28 керебеттерин 1500 сомдон сатып, жерге жатуучу матрастарга алмаштырылсын.

2. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Касымовко жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Чоң-Алыш айыл аймагынын айылдык кеңешинин алдындагы бюджет боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Т.Бейшеналиев**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЧОН-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезектүү 8-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 14-июлу № 102 Манас айылы

**Чоң-Алыш айыл аймагынын таштанды калдыктарын ташып чыгарууга тарифтерди бекитип берүү боюнча**

Чоң-Алыш айыл аймагынын таштанды-калдыктарын ташып чыгаруу тарифи боюнча талкуулап чыгып, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айыл аймактык Кеңешинин IX -чакырылышынын кезектүү 8-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагынын таштанды калдыктарын ташып чыгаруу тарифи калк үчүн түтүнгө бир айга 50сом болуп бекитилсин.

2. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы муниципалдык ишкананын жетекчиси Р. Кабыловко милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Чоң-Алыш айыл аймагынын айылдык кеңешинин алдындагы бюджет боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Т.Бейшеналиев**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЧОН-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезектүү 8-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 14-июлу № 103 Манас айылы

**Зоналдык коэффициенттерди бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын салык Кодексинин 388 жана 404 беренелерине ылайык турак эмес имараттар, курулмалар жана жайлар, ошондой эле калктуу конуштардагы жана айыл чарба багытындагы эмес жер участоктору боюнча колдонулуучу зоналдык коэффициенттерди жана зоналык наркты бекитип берүү боюнча талкуулап чыгып, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айыл аймактык Кеңешинин IX -чакырылышынын кезектүү 8-сессиясы **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагынын ставка $K_3$ имараттар, курулуштар жана жер салыктары үчүн 1 деп бекитилсин.

2. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Касымовко милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Чоң-Алыш айыл аймагынын айылдык кеңешинин алдындагы бюджет боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Т.Бейшеналиев**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЧОН-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезектүү**
**8-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 14-июлу № 104 Манас айылы

**Жер тилкесин турак жай багытынан соода сатык багытына которуу жөнүндө**

Чоң - Алыш айыл аймагынын айылынын тургуну Кыдыргычова Айнура Капаровнага тийиштүү болгон Манас айылындагы Кутманалиев Сыйырбек көчөсүнүн № 3 дарегинде жайгашкан (6-04-10-1001-1233) жер тилкесин турак жай багытынан коммерциялык багытына которуу максатында жазылган арызын карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 12 - беренесин жетекчиликке алып **токтом кылат:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагынын Манас айылынын тургуну Кыдыргычова Айнура Капаровнага тийиштүү болгон Манас айылындагы Кутманалиев Сыйырбек көчөсүнүн № 3 дарегинде жайгашкан (6-04-10-1001-1233) 331.5 чарчы метр жердин турак жай куруу багытынан, коммерциялык багытына которууга уруксат берилсин.

2. Курулуш жумуштары архитектура жана курулуш башкармасынан алынган юридикалык иш кагаздарынын жана бекитилген курулуш куруу документеринин негизинде курулуштук нормаларды жана эрежелерди эске алуу менен жүргүзүлсүн.

3. Токтомду 30 күндүн ичинде мамлекеттик каттоодон өткөрүү жагы "Кадастр" мамлекеттик мекемесинин Талас райондук филиалы тарабынан суралсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** **Т.Бейшепалиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ЧОН-АЛЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин IX-чакырылышынын кезектүү 8-сессиясынын токтому**

2025-жылдын 14-июлу № 105 Манас айылы

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын материалдык-техникалык базасын чыңдоо боюнча**

Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын айыл өкмөттөрүнүн башчылары үчүн "Мамлекеттик лизинг компаниясы" ачык акционердик коому аркылуу Кыргыз Республикасынын Турукташтыруу фондунан бөлүнгөн акча каражаттарынын эсебинен кызматтык автотранспорт алуу боюнча талкуулап карап чыгып, Эл депутаттарынын Чоң-Алыш айыл аймактык Кеңешинин IX -чакырылышынын кезектүү 8-сессиясы **токтом кылат:**

1. Белгиленген тартипте "Мамлекеттик лизинг компаниясы" ачык акционердик коому менен лизинг келишимдери түзүлсүн.

2. Чоң-Алыш айыл аймагы дотациялык камсыздоодо тургандыктан Кыргыз Республикасынын финансы министрлигине лизингдик төлөмдөрдү аткаруу үчүн зарыл акча каражатын карап берүү жагы сунушталсын.

3. Аталган токтом менен иш алып баруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Касымовко милдеттендирилсин.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** **Т.Бейшеналиев**